КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ОШ ШААРДЫК АЙМАКТЫК КОМИССИЯСЫ

ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

723510, Ош шаары, Ленин коч. 221
тел./факс 5-53-44

723510, город Ош, ул. Ленина, 221
тел./факс 5-53-44

64

# ЧЕЧИМ № 36

2021-жылдын 14-июлу — Ош шаары

Катышышты:
Ош АШКнын төрагасы - Аттокуров У.Т.
мүчөлөрү – К.Маматов, А.Эркинов, Ж.Айтбаева, Т.Жумабаев, К.Эрмеков, Т.Шаванов, З.Жусупова, Б.Зарипбек уулу, М.Мусаев.

1. **“Ынтымак” саясий партиясынын арызы боюнча.**

**Угулду:** Ош АШКнын төрагасы У. Аттокуров – Урматтуу АШКнын мүчөлөрү, 2021-жылдын 13-июлунда “Ынтымак” саясий партиясы арыз менен кайрылган. Шайлоонун жүрүшүндө мыйзам бузуулар болгондугун, “Улуттар биримдиги”, “Бир Бол” саясий партияларынын үгүттөөчүлөрү добуш сатып алуу фактылары менен кармалгандыгынын негизинде “Улуттар биримдиги”, “Бир Бол” саясий партияларынын талапкерлеринин тизмесинин каттоосун жокко чыгаруу сунушу берилген.

Добуштарды сатып алуу фактылары боюнча кармалган үгүттөөчүлөргө Ош шаардык ички иштер башкармалыгы тарабынан тергөө иштери жүргүзүлүп, сотто өткөрүлгөн.

Жогорудагы маалыматтар Ош шаардык кеңешине талапкер “Улуттар биримдиги”, “Бир Бол” саясий партияларынын талапкерлеринин тизмелеринин каттоосун жокко чыгарууга негиз болбогондугуна байланыштуу, “Ынтымак” саясий партиясынын “Улуттар Биримдиги”, “Бир Бол” саясий партияларынын талапкерлеринин тизмесинин каттоосун жокко чыгаруу сунушунан баш тартуу сунушу добушка коюлду.

**Макул – 9,** **Каршы – 1.**

Сунуш 9 добуш менен кабыл алынды.

**Ош аймактык шайлоо комиссиясы күн тартибиндеги маселени талкуулап Чечим кылат:**

1. “Ынтымак” саясий партиясынын “Улуттар Биримдиги”, “Бир Бол” саясий партияларынын талапкерлеринин тизмесинин каттоосун жокко чыгаруу сунушунан баш тартылсын.

2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын төрагасы** — **Аттокуров У.Т.**

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын катчысы** — **Ысмайылова Б.А.**